ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

# Т.СЫДЫКБЕКОВДУН МАКАЛАЛАРЫНДАГЫ ТААЛИМ БОЛУУЧУ ОЙЛОР

**АСКАР УУЛУ ТААЛАЙБЕК**
nsu@ktnet.kg

Т.Сыдыкбеков «Табылга» жыйнагынын бир жеринде минтип жазыптыр: «Атаганат, биз акылын алгыдай алдыбызда кесиптеш улуулар болсо эмне! Улуунун тажрыйбасын өздөштүрүү жаш талапкер үчүн суусундай муктаж эмеспи. Улуунун кеп-кеңеши деле беш тамчы, үч тамчы болсо да жаш талапкерге тиер серүүндүктү биз сезбедик.

«Жетим өз киндигин өзү кесет» дегендей адабияттын алиппесин өз ара өздөштүрдүк. Бирибизге бирибиз таалимчи да болдук. Мага Мукай, Жусуп, Жоомарттар таалимчи болсо, мен ошентип кургак учукка жеңдирип, иймейип жүрүп айылдан жазуучулар союзуна ырларын жиберген жаш талапкерлерге кат аркылуу кеңешимди бердим. Колго илинген ырларын журналга, газетага сунуш эттим» [2, 578-б.].

Бул армандын тарыхый негизи бар. Түгөлбай агай мурда кыргызда профессионалдуу адабияттын жоктугунан үлгү тутарлык алдыңкы муундун болбогондугуна, «жетим өз киндигин өзү кескен» деген абалда жүргөндүгүнө кейип жатат. Эгерде орус адабиятындагыдай залкарлар болсо, жаш талапкер Түгөлбайлар алардан көптү үйрөнбөйт беле?!

Бир кезде Т.Сыдыкбеков өз улутунан үлгү ала турган киши таппай ыйламсырап жүрсө, кийин өзү жетилип, чоң жазуучу катары элге таанылып калган чакта башкаларга акыл-кеңешин айтып, бир катар жаштардын тушоосун кесип, алардан рахмат укканга чейин өсүп жеткен.

Т.Сыдыкбековдун насаатчылык ишмердиги тууралуу сөз жүргөндө биз анын түздөн-түз бирөөлөргө берген акыл-кеңештерин гана түшүнбөй, маселени андан кеңирирээк кароого аракеттендик. Мисалы, анын жараткан романдарын окуган жаштар бул залкардан көркөм дүйнө жаратуунун көп сырларын өздөштүрүшкөн. Бул биринчи жагдай. Экинчиден, ал киши өзүнө кайрылган авторлордун, же ар түрдүү редакциялар жиберген чыгармаларды рецензиялап, аларды автордун өзүнө айтып, же газета-журналдарга пикир жарыялоо аркылуу таалимчилик иш жүргүзгөн. Үчүнчү жагдай, көркөм чыгарманы кантип, кандайча жазуу керек, анын коомдук милдети тууралуу түздөн-түз кеңеш берген макалаларды жазган.

Мына ошентип, бул макала жазуучунун насаатчылык ишмердигине арналып, ага биз жогоруда белгилеген үч багытта сөз жүргүздүк.

Т.Сыдыкбековдун романдары окурмандар жана адабий коомчулук тарабынан жакшы кабыл алынып, атак-даңкка жетип, эми ал өзүнөн кийин канат күүлөп келаткан жаш талапкерлердин чыгармачылыгына, кээде замандаш калемдештерине карата да ой пикирлерин айта келген.

Сыдыкбековдун насаатчылык ишмердигинин сферасы өтө кеңири. Аны ачуу үчүн биз Т.Сыдыкбековдун «Мезгил сабактары» аттуу макалалар жана публицистикалар жыйнагына кирген чоң жана кичине макала-эсселерди жазылган жылы боюнча ирээти менен талдап, аларда козголгон маселелер туурасында сөз кылмакчыбыз. Мисалы, ошол китептеги «бет ачар» чыгармаларынын бири «Чеберчилик үчүн!» деп аталып, анда жаш жазуучу Ш.Бейшеналиевдин «Чыныгы достук» аттуу повестине карата пикир айтылат. Анда мындай делет: «Жаш жазуучу Бейшеналиев эң жоопту жана керектүү теманы алган. Бирок, максатка тема гана жеткирбейт. Жакшы жана керектүү теманы чече билиш керек. Мына бул жагынан алганда да баштапкы редакциясына салыштырганда бир аз ийгилик бар» [3, 112-б.] деп белгилей келип, анын көңүлүнө толо бербеген айрым мүчүлүштүктөрдү белгилейт. «Ал эми, - дейт ал, - комсорг Айнанын образы жокко эсе. Үйгө бир кирип чыккан жат адам сыңарындай ал окуучунун эсинде калбайт… Автордун тили жарды. Бир эле сүйлөм ичинде бир маанидеги сөз эки-үч жолу кайталанат» [3, 113-б.] деп, анан ага конкреттүү мисалдарды келтирет. Үлгү катары орус классиктеринин, мисалы, Л.Толстойдун сөз менен иштөө тажрыйбасынан эскерет. Өзүн да сыноодон тартынбайт: «…сиздер, - дейт ал жаштарга кайрылып, - кээде бизден үлгү аласыздар. Биздин жарды стиль, тантык сүрөттөөлөрдүн таасири сиздердин чыгармачылыгыңыздардан да жолугат» [3, 115-б.].

Эң негизгиси, Ш.Бейшеналиев өз каармандарынын жекелик жагын ачып берүүдө чабалдык кылат: «Класстагы 32 окуучунун бардыгы сабакты жакшы өздөштүрүп, 7-классты ийгиликтүү бүтүрүшкө тырышат, бирок алардын бардыгы коёндой окшош эмес, же эреже боюнча бипбирдей сүйлөшпөйт» [3, 116-б.]. Мына ушул кемчилдикти Т.Сыдыкбеков абдан баса белгилей келип,

коллегасына мындай кеңеш айтат: «…жазуучу өтө байкагыч, сезгич болуш керек. Жөнөкөй көз көрө албаганды жазуучунун көзү көрүшкө милдеттүү, адамдын сырткы кебетесинен улам анын ички дүнүйөсүн туура баамдаш керек… Каармандын кубанычын да, кайгысын да, жадаса адамга эч айтпай жашырып койгон сырын да билип, туура багыт беришке милдеттүү… Жазуучу, сөзсүз турмуштагы чындыкты сүрөттөйт. Бул көзгө көрүнгөндү катары менен ала берүү деген сөз эмес, мүнөздүү иштерди көрүү. Мүнөздүү иштерден мүнөздүү окуяны жаратуу» [3, 116-б.].

Т.Сыдыкбеков «Чоң адабияттын жаш өнүмдөрү» аттуу макаласында кыргыздын ошол кездеги көзгө көрүнүп келаткан жазуучулары тууралуу төмөнкүдөй ойлорун ортого салат.

«Өскөн Даникеев, Мидин Алиев, Аман Саспаевдер адабият ишин биротоло кесип кылып ала элек: бири – инженер, бири – врач, бири – жумушчу жаштарыбыз да окуучуларга тартуу кылышкан туңгуч повесттери, аңгемелери менен эле өздөрүнүн жөндөмдүүлүктөрүн байкатышты. Булар турмуштун чордонунда бышыгып, адабиятка ат салышты… «Мен аңгеме жазамын» деп өзүнө өзү убада берип жазбастан, турмуштан баамдаган окуя дегдетип, «Жаз, жаз. Ушул окуяларды жаз» деп тынчытпай койгондо колго калем алуу менен каармандардын жандуу элестерин ачып, мүнөздөрүн даана көрүү жазуучулук өбөлгө» [3, 118-б.] деген маанидеги пикирин Т.Сыдыкбеков жогорку авторлорго тиешелүү сөз катары айтат.

Сынчы дагы бир курдуу жаш авторлордун ысмын атайт, алар кургак баяндоодон качып, адамдардын ички дүйнөсүн терең ачууга багыт алгандар. «Күн өз портретин тартып бүтө элек» повестиндеги ыкма, окуянын өнүгүшү, анын берилиши, анын чечилиши, диалог түзүлүшү; тили, каармандардын мүнөзү, айтор, бул повестке таандык почерк ушуга дейре кимибизде бар эле?» [3, 120-б.] деп суроо салып, Т.Сыдыкбеков Кубатбек Жусубалиевди келечегинен үмүткөр кылган жазуучулардын бири атайт. «…дагы бир шыктуу жаш Кеңеш Жусупов – Кубатбекке үндөшө чыкты» дейт сынчы: «Албетте, биз бул жерде эки жашты бирин-бири кайталашып, бирин-бири туурашып жатат дебейбиз. Бул экөө коңур үндүү. Эки жаш ырчы уккулуктуу коңур үндөрү менен жаңы сабакты безеленте ырдашкандай – бизде экөө (буларга маал-маал Мурзанын үнү да кошула кетет. Балким, буларга үн кошчу жаштар, балким, катарга турушар). Ошентип, үн кошушкан жаштар өздөрүнүн үнү, өздөрүнүн көркү, түспөлдөрү менен катарыбызга кошула баштаганы чоң бел, чоң кубаныч!» [3, 120-б.].

Т.Сыдыкбеков жаштардын чыгармаларына жогору баа берүү менен бирге алардын улууларды мелдешке чакырып жаткандыгын моюнуна алып, мындай дейт: «Бул жаштар, жеке эле өз почерктерин тааныта чыгышпастан, булар өздөрүнө да, жаштары улуу, тажрыйбалары көбүрөөк биздерге да жаңы жүк артышып, жаңы таламдар, доолорду тагышып, - «Силер эскирип баратасыңарды» угуза айтышпаса да, өздөрүнүн эптүү, эстүү мамилелеринде купуя доолор коюшкандары да сезилет» [3, 120-б.].

Т.Сыдыкбеков жаш досторуна мактоо сөздөрдү арноо менен бирге өз баамындагы кемчилдиктерди да айтат. Көрсө, алардын айрымдары китептик таасирге берилип кетишиптир. Бул улуттук негизге кекирейе карап, жерден тамырын үзүп алганга окшогон учурлар, «Ал тургай өзүбүздүн адабиятка «үстүртөн кароо» аны теңсинбөө барбы?» деген да суроо коёт да, мындай каалоо айтат: «…Мурзанын аңгемелерин окуганыбызда, биз андагы кичинекей окуядан ачылган чоң дүнүйөнү, адамдардын ички мүнөздөрүн көргөнүбүздө ал, кандайдыр тээ алыс жактагы эпкинди эске салбастан (албетте, бул жакшы жагынан байкалат) өзүбүздүн мурастардын да, бүгүнкү адабиятыбыздын илеби да дээрлик өлчөмдө автордун эсинде экендиги сезилип турса, ал дагы жаңы күч кошор беле?» [3, 121-б.].

Сейит Жетимишев менен Аман Саспаевдер андай «илдеттерден» алыс экенин белгилейт.

Жалпысынан Т.Сыдыкбеков тал чыбыктай ийилчээк жаш авторлорду кээде бетке кар урган бороон-чапкынга туруштук берген кайраттуулукка чакырат. Муну ал символдуу подтекст менен түшүндүрөт, анткени, айрым сынчылар жаш таланттардын бир аз эле «кыйраңдоосуна» кескин, орой мамиле этип, алардын шагын сындырып койгон мисалдар да кездешкен. Карт жазуучу ошондой учурларды эске алып жатат.

Автор «Кеңешмеден кийинки ой» деген макаласында жаштардын сөз менен иштөө чеберчилиги жетпей жатканына токтолуп, маселен, кээде көп сөздүүлүк, тил чоркоктугу да байкалат деп, анан мисалдар келтирет. «Аман Саспаевдин тили жатык, жакшы дейбиз. Бирок, ушул эле жатык тилдүү жазуучу кээде сөздү орунсуз колдонмою бар. Жазуучунун биз окуган бир аңгемесинде «карыган абышка…» деген аныктаманы окуп, делдее түшкөнбүз» [3, 129-б.],- дейт. Ошондон улам сынчы ордун таппаган сөздү кайып кеткен окко салыштырат. Ошол сыңары абышкага «карыган» деген эпитет орунсуз колдонулганын айтат. «Абышкага» тигил сөздү

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

жанаштыруунун кажети жок. Ал өзүнөн-өзү түшүнүктүү. Сынчы тилге байланыштуу жаштарга мындай нуска сөз айтат: «Көркөм адабиятта бардык боёкту түсүн чыгарып, бардык элести ачып көрсөтүүчү касиет ал – сөз! Жаштарыбыз өз эне тилин мейиздей татый билишпесе, сөздөрдүн маанисин, татымын, түсүн, каймана сырын ача, так көрүп, так сезе, так баамдай билишпесе, анда алар негизги куралынан ажырайт» [3, 130-б.].

Бул макаланы жаштардын чыгармачылыгына арналган кеңешмеден кийин жазыптыр. Ал 1965-жылга таандык. Автор мында конкреттүүлүктөн көрө абстрактуу, көркөм-философиялуу ой жүгүртүүлөргө көп орун бергени байкалат.

Т.Сыдыкбеков насаатчычылык ишти макалалары аркылуу нуска сөздөрүн айтуу менен эле жүргүзбөстөн, чыгармачылыкта жеке үлгү да көрсөтүп келген. Жазуучунун иштөө ыкмасы жөнүндө айткандарынын мааниси чо□. Бул тууралуу “Жакшы чыгарма үчүн” деген макаласында абдан ке□ири кеп козгогон.

Жазуучулук өнөрдүн толгон-токой машакаттары бар экендиги белгилүү. Т.Сыдыкбеков бул тууралуу мындай пирин билдирет: «…жазуучуда өзү менен кошо төрөлгөн шык (талант) болушу керек. Ал шыкты эмгек курчутат. Шык курчуган сайын жазуучу өз кесибине чексиз берилип, аны мыкты өздөштүрүп, талыкпай иштеп анан ийгиликке жетишет» [3, 403-б.]. Сыдыкбеков жазуучулук кесиптин оорчулугун курбусу Алыкулдун сөзү менен бекемдейт. Ал жакшы ыр жазуунун оордугун «кирпик менен килем сокконго» салыштырыптыр.

Т.Сыдыкбеков жакшы китеп деп кандайын түшүнөбүз деген суроого жооп катары айтат: «…китеп окурмандын талабын орундата алса, жүрөгүн толкутуп, көңүлүн көтөрө алса, көптү көргөн акылман сыңары китеп окурмандын ой-пикирин терендетип аны ойлонто алса» [3, 405-б.]. Бул жалпы берилген баа сыяктанганы менен анын подтекстине көп ойлор камтылып турат.

Дагы бир суроо туулат: «Чыгарма кызыктуу жазылууга тийишпи?». Ага жооп: «Кызык деп. биз нак турмуштун өзүн айтабыз. Турмуштан кызык. дүнүйөдө эч нерсе жок. Кеп турмуштун кызык жагын тааный билиште!» [3, 405-б.].

Жогоруда аталган макаланын корутундусун устат мындайча чыгарат: «Ал (жазуучу – Т.А.) жеке эле билимин арттырып, тажрыйбасын өстүрүп токтолбостон, жеке эле кишилердин кулк-мүнөзүн, сырын билип чектелбестен, жаратылышты да жакшы байкоого милдеттүү. Ушундан улам жазууну жаңы баштап жүргөн жаш таланттарга эскертээрибиз: зор жүктү көтөргөндөй күчүңдү топто, күчүңө ишен! «Менин талантым чоң, алдыңкы жазуучулар жардам бербегендиктен өспөй жатам» деп айтып, бирин-эки жазгандарың басылбаса ага таарынып, көңүл кайттылык кылба. Жазгандын бардыгы чыга бербейт. Анда анын кемчилиги эмнеде экендигин ойлоо керек» [3, 406-б.].

Жыйынтыктап айтканда,Т.Сыдыкбеков өзүнүн өтөлгөлүү өмүрүндө кыргыз элинин нечендеген таланттуу жаштарына өрнөктүү ой-пикирлери, кеп-кеңештери менен насаатчылык, устатчылык ишти аркалап келгени айдан ачык. Насаатчы болуш үчүн ошол адамдын өзү элге алынган, жалпы калайык-калкка таанымал, кадыр-барктуу болууга тийиш. Ушул чен-өлчөмгө Т.Сыдыкбеков толугу менен жооп берет. Ал 30-жылдарда роман жазууну баштап, бул жанрдын ысык-суугуна күйүп жүрүп, анын өнүгүшүнө чоң салым кошкон. Ошондуктан ал залкар романчы катары адабият тарыхына кирип, ушул жагынан өзүнөн кийин келаткан орто жана кичи муун жазуучуларына үлгүлүк ролун ойногон.

Сыдыкбеков өзүнүн таалим-тарбиялык кеңештеринде биринчи орунга алардын жазган чыгармалары идея жана көркөмдүк жактан жогору болсун деген талапты койгон. Ошону менен катар форма жактан изденүүлөрдү да кубаттаган. Шакирттер устаттардан озуп кетишин тилеген.

Анын «Мезгил сабактары», «Табылга», «Бел-белес» аттуу китептеринде жазуучулук ишке байланыштуу маанилүү ойлору арбын жана келечекте да өз маанисин жоготпойт деген ишеничтебиз [1, 2, 3].

**Пайдаланылган адабияттардын тизмеси:**

1. Сыдыкбеков, Т. Бел-белес. – Б.: Акыл, 1996.
2. Сыдыкбеков, Т. Табылга. – Б.: Адабият, 1991.
3. Сыдыкбеков, Т. Мезгил сабактары. – Ф: Кыргызстан, 1982.